# ФИТОКАЛМ В6

ТАМАК-АШКА БИОЛОГИЯЛЫК АКТИВДҮҮ КОШУЛМАНЫ
КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

| **КУРАМЫ: 1 капсулада төмөнкүлөр камтылат:** | | КАДнен % * |
|---|---|---|
| Магний (магний оксиди) | 100 мг | 25 |
| Долононун мөмөсүнүн маңызы (Crataegus pinnatifida) | 100 мг | |
| Сарымсактын кургак маңызы (Allium Sativum) | 100 мг | |
| Мышык тамырдын тамырларынын кургак маңызы (Valeriana officinalis) | 50 мг | |
| Дүлөй чалкандын кургак маңызы (Leonurus cardiaca) | 50 мг | |
| B6 витамини | 1,4 мг | 70 |
| Фолий кислотасы | 200 мкг | 50 |
| B12 витамини | 2,5 мкг | 83 |
| ***көмөкчү заттар:*** жүгөрү крахмалы, целлюлоза, кремний диоксиди; ***чел кабыгынын курамы:*** желатин, боёгучтар: кызыл темир оксиди (Е172), титан диоксиди (Е171). | | |

**БСЭГТ - 1-бөлүктүн, 5-тиркемесине ылайык – керектөөнүн адекваттуу деңгээлинен ашпайт*

**КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ:** стрессти, чыңалууну, чарчоону жана тынчсызданууну алуу үчүн тамак-ашка БАК катары колдонулат

**ФИТОКАЛМ В6** – бул кеңири курамдын, кош таасирдин жана дыкат тандалган активдүү заттардын айкалышы. Оор жумуш менен алектенген улгайган курактагы адамдар үчүн, ошондой эле орто курактагы адамдар үчүн дайындалган. Курамында камтылган заттар жүрөктүн иштешин колдоого жардам берет жана чыңалууну, стрессти жана тынчсызданууну азайтууга жардам бериши мүмкүн. Препараттын уникалдуу курамы убакыт менен сыналган элдик медицинанын салты жана заманбап илимий изилдөөлөрдүн негизинде жасалган.

***Фитокалм В6 курамдык бөлүгү адамдын организмине кандай таасир берет?***

*Кытай долоносу:* жүрөктүн жана жүрөк-кан тамыр системасынын нормалдуу иштешин колдоого жардам берет, ошондой эле четки кан айланууну турукташтырат, бул чыңалууну жана кыжырданууну азайтууга көмөк көрсөтөт.
*Кадимки сарымсак:* жүрөктүн иштешин, холестериндин, гомоцистеиндин жана кандагы глюкозанын камтылышын турукташтырууга өбөлгө түзөт. Гомоцистеиндин концентрациясынын көбөйүүсү атеросклероздун өрчүү жогору коркунучу менен байланыштуу. Сарымсактын маңызы майда кан тамырлардагы кан айланууну колдоого жардам берет, ошондой эле стресске туруктуулукту жогорулатат, иммундук системанын ишин колдойт.
*Дарылык мышык тамыр:* жүрөктүн жана жүрөк-кан тамыр системасынын нормалдуу иштешин колдоого көмөк көрсөтөт, ошондой эле артериялык басымдын нормалдашуусуна өбөлгө түзөт. Мындан тышкары, ал чыңалууну жана стрессти азайтууга жардам берет, ал аркылуу дени сак уйкуга жана жакшы физикалык жана психикалык абалга жетүүгө жардам берет.
*Дүлөй чалкан*: жүрөк-кан тамыр системасынын жакшы иштешин колдоого жардам берет жана жүрөктүн иштешин жакшыртат. Ошондой эле физикалык жана эмоционалдык дүүлүгүүнү, кыжырданууну азайтууга жардам берет.
Курамында камтылган магний, фолий кислотасы, B6 жана B12 витаминдери чарчоо жана алсыроо сезимин азайтууга, кадимки психологиялык функцияны колдоого жардам берет. В тобундагы витаминдер гомоцистеиндин нормалдуу алмашуусун колдоого жардам берет. B6 жана B12

витаминдеринин, фолий кислотасынын бир аз жетишсиздиги дагы кандагы гомоцистеиндин концентрациясын көбөйтүшү, жана аны менен бирге жүрөк ооруларынын өрчүү коркунучун жогорулатат.
**КОЛДОНУУ ЖОЛУ:** күнүнө 1 капсуладан, бир стакан суу менен ичип кабыл алынат.

**АЗЫКТЫК БААЛУУЛУГУ 1 капсуладагы г:**

| | |
|---|---|
| Белоктор | 0,03 |
| Майлар | 0,01 |
| Углеводдор | 0,42 |
| Энергетикалык баалулугу | 1,9 ккал / 7,9 кДж |

**КАРШЫ КӨРСӨТМӨ:**
- БАК компоненттерине жекече көтөрүмсүздүк;
- 18 жашка чейинки курак;

**ӨЗГӨЧӨ КӨРСӨТМӨЛӨР**
Сунушталган суткалык дозадан ашырууга жана БАКты ар кандай теңдемделген тамактануунун ордуна колдонууга болбойт.

**САТУУ ШАРТЫ**
Дарыкана тармагы жана адистештирилген дүкөндөр, соода тармагынын бөлүмдөрү аркылуу.

**САКТОО ШАРТЫ**
Кургак жарык тийбеген жерде, 25°С жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**ЧЫГАРУУ ФОРМАСЫ**
Мамлекеттик жана орус тилдеринде колдонуу боюнча нускамасы менен бирге 15 же 30 капсула картон кутуда.

**ЖАРАКТУУЛУК МӨӨНӨТҮ:** 36 ай.
Жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Өндүрүүчү:**
UAB «Aconitum»,
Inovaciju str.4, LT-54469,
Каунас району, Литва

**Мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн ээси (МКК):**
VEGAPHARM LLP.
Unit 18, 53 Norman Road,
Greenwich Centre Business Park, SE10 9QF,
Лондон, Улуу Б ритания

**Керектөөчүлөрдөн**
**арыз-доолорду кабыл алууга**
**ыйгарымдуу уюм**
**:**
«Cepheus Medical» (Цефей Медикал) ЖЧШ,

КР, Алматы ш., Аль-Фараби пр-тиси.  7,
«Нурлы Тау» ЖК, 5А блогу, 247-кеңсе
тел: +7 (727) 300 69 71,
e-mail: cepheusmedical@gmail.com